# АТАЛАШ ЖАКЫН ТУУГАНДАРЫ

ТУУГАНДЫН ӨЗҮ ТААРЫНСА ДА,
БООРУ ТААРЫНБАЙТ.

ЖАКШЫ ӨСКӨН БАЛА ЭШИКТЕ КАЛГАН
АТА-ЭНЕСИН ТӨРГӨ ЧЫГАРАР,
ЖАМАН ӨСКӨН БАЛА ТӨРДӨГҮ
АТА-ЭНЕСИН СЫРТКА ЧЫГАРАР.



**Ахматов Урматбек Асанханович**

*(Асанхан, Азардын улуу агасы Байзактын небереси болгон)*

Мен, 1971-жылы, Пржевальск шаарында (азыркы Каракол шаары) туулгам. Учурда мен Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинде иштейм, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин БКБОП СНГдагы өкүлүмүн (КМШдагы Уюшкан кылмыштуулукка каршы күрөшүү боюнча бюро). Званием - милициянын полковниги.

Жашоомдо жетишкен ийгиликтеримдин бардыгы үчүн, мен атама чогусу менен жана толугу менен карызмын. Ал, мен төрөлгөндөн баштап жакшы тарбия берди, адилеттик, улууларды урматтоо, чынчылдык жана адептүүлүк сыяктуу сапаттарды сиңирди.

Менин атам Ахматов Асанхан Ахматович 1925-жылы 20-сентябрда Ысык-Көл районунун Көк-Дөбө айылында, катардагы советтик дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Атасынын үй-бүлөсүндө төрт уул болгон: Үсөнкан, Айдаркан, Асанхан жана Кожокан. Ошол оор мезгилдерде төрт бир тууган ынтымакта болуп, ар кандай кыйын-

чылыктарды жеңип келишкен.

Бирок, Улуу Ата Мекендик согуш башталгандан кийин. Эки тун уулу **Үсөнкан** жана **Айдархан** Ата Мекенди коргоо кызматына чакырылган. Тилекке каршы, Үсөнкан өтө жаш жигит болгон, Берлиндин жанындагы согушта каза болгон. Ал үйлөнө элек болчу, ошондуктан, анын балдары болгон эмес, ал жөнүндө инилеринин эс тутуму жана окуялары гана калды.

**Айдархан** Панфилов дивизиясынын курамында согушкан, 30-гвардиялык полктун партиялык уюштуруучусу болгон. 1944-жылы декабрда Латвиянын аймагында оор жаракат алып, кийинки үч жыл аралыгында Советтер Союзунун ар кайсы ооруканаларында дарыланып келгени белгилүү. Согуштан Фрунзе шаарына 1947-жылы гана кайтып келген. Ошол эле жылы, ал абдан кадыр-барктуу болгондуктан, Коммунисттик партиянын Фрунзе шаардык комитетинин экинчи катчылыгына шайланган. 1949-1957-жылдары Кыргыз ССРинин автомобиль транспорту жана шоссе жолдор министринин орун басары, андан кийин министр болуп иштеген. Биздин үй-бүлө ал жөнүндө, Улуу Ата Мекендик согуштун ардактуу ардагери жана жөн гана жакшы адам катары ар дайым сыймыктануу менен эскеребиз.




Бир туугандардын кичүүсү **Кожокан** өмүр бою Ананьево айылындагы колхоздо иштеген. Кызыгы, ал

адамдарды айыктыруу боюнча укмуштуудай касиетке ээ болгон. Элдин арасында ал мыкты сыныктарды калыбына келтирүүчү катары белгилүү болгон, ага өлкөнүн ар кайсы бурчунан ар кандай оорулар менен ооруган адамдар кайрылышкан, анткени ал өзүнүн чебер колдору менен көп жылдар бою баса албаган адамдарды бастырууга жетишкен.

Менин атам **Асанхан** согуш учурунда улуу баласынын ордунда калып, ата-энесине, ини-карындаштарына камкордук кылып келген. Ага өмүр бою мүнөздүү болгон ушул сапат: камкордук. Ал ар дайым туугандарына кам көрүп, аларды коргоого, колунан келген жардамын берүүгө аракеттенчү, атам мени ар дайым ошондой болууга үйрөтүп, туугандарды барктоо канчалык маанилүү жана зарыл экендигин айтчу, анткени бизде алардан жакын адам жок.

Анын түйшүгү ар кандай маселелерде болгон, мейли материалдык жардам болобу, же башка бир чоң иштерде болобу. Мисалы, Чачыкей эжесинин кызы Акенди багып алуу сыяктуу. Бирок, туугандарга болгон мындай камкордукка жана назиктикке карабастан, менин атамды жумшак адам деп айтуу кыйынга турат, тескерисинче - анын мүнөзү болоттой катуу болчу.

Ал өмүрүндө көп нерсени башынан өткөргөн. Эмгек жолун 1945-жылы Көк-Дөбөдөгү колхоздун катчысы болуп баштаган, 1947-жылы Комсомолдун Ысык-Көл обкомунун бөлүм башчысы болуп иштеген. 1953-жылы Осипенко атындагы артелде камсыздоо жана сатуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп, 1958-жылы Москвадагы Жергиликтүү өнөр жай технологиялык институту-

на тапшырып, институтту аяктагандан кийин Нарын тиричилик комбинатынын директору болуп дайындалган.

Жогоруда айтылгандын бардыгы, ал басып өткөн чоң жана оош-кыйыштуу жолдун бир бөлүгү гана. 1965-жылы ал менин апам **Акматова Мария Акматовнага** үйлөнгөн. Анын биринчи никесинен Кайрат жана Лира аттуу эки баласы болгон, атам аларды өз балдарындай кабыл алган, анын жүрөгү ушунчалык чоң жана мээримдүү болчу. Андан кийин, 1967-жылдан баштап, ал ар кандай жетекчи кызматтарда иштеген, ошондуктан ал жана анын үй-бүлөсү көп учурда көчүп жүрүүгө аргасыз болушкан. Мисалы, менин эжем, атамдын биринчи баласы Гүлайым Фрунзеде, ал эми андан кийинки эжем Нурайым Рыбачье шаарында төрөлгөн. 1971-жылы атасы Ысык-Көл облустук Айыл чарба техникасынын соода бөлүмүнүн башчысы болуп иштей баштаганда, ал бүт үй-бүлөсү менен Пржевальск шаарына көчүп келген.

Андан кийин, 46 жашында, анын биринчи уулу, башкача айтканда, мен, Урматбек жарык дүйнөгө келдим. Бул ал үчүн абдан чоң бакыт болду, мен аны ар дайым анын көзүнөн жана мени менен жашырылгыс сыймыктануусунан көрүп жүрдүм, анткени ал баарына бул менин уулум деп айтчу. Жалгыз ушул "уулум" деген сөздө ушунчалык көп сезимдер жана толкундануулар болгон, мен муну эч качан унутпайм.

1980-жылы менин атам Кыргыз ССРинин Финансы министрлигинин контролдоо жана текшерүү бөлүмүндө ревизор болуп иштеген, мен анын канчалык катуу болгонун, өзүнүн кызматтык милдетин кандайча мыкты аткаргандыгын, бейтааныш адамдар анын алдында

корконунан калтырап-титирегенин бүгүнкү күнгө чейин эстейм. Үй-бүлөлүк шартта ал кымызды сүйгөн боорукер адам болгон, ал эми жумушта болсо талапты катуу койгон, сүрдүү жетекчи болгон.

Ооба, башка адамдар менин атамды адаттан тыш катуу үнү жана мүнөзү курч, катаал адам катары билишчү. Бирок, алар андан коркушчу деп айтууга деле болбойт. Аны урматташчу. Ал адилеттүү, керек болгон жерде - катуу жана бекем, керек болсо - камкор жана достук мамиледе болгон. Биздин үйдө ар дайым коноктордун аягы үзүлчү эмес, анткени атам аларды көрүп кубанып турган, ал эми башкаларга ушунчалык ачык болгонуну, ага үч эсе кайтып келчү, себеби эл аны, адептүүлүк, боорукердик, чынчылдык жана кенен пейилдиги үчүн сыйлашчу.

Атам мага көп нерсени үйрөттү, алардын бири, улууларды урматтоо болгон. Ал мунун маанилүүлүгүн сөз менен гана эмес, иш жүзүндө да көрсөттү. Анын иниси **Зарылкан ата** менен болгон мамилеси ушул күнгө чейин мени таң калтырчу жана азыркыга чейин таң калам. Алардын бири-бирине болгон сый мамилеси, бири-бирине болгон камкордугу жана бири-бирин кандайча баалай тургандыгы менин эсимде бекем сакталып калды. Экөө тең өз чөйрөлөрүн-



*Асанхан менен Зарылкан.*

дө күчтүү мүнөзгө ээ адамдар катары белгилүү болгон, аларды билгендердин бардыгы алардын алдында калтырап-титиреп турушкан, ал эми аларды көпчүлүк адамдар билишчү (атүгүл, кандайдыр бир деңгээлде билбегендерге уят эле). Ананьево айылына атам мени көп ээрчитип барчу, ал жакка Зарылкан атага конокко барганыбызда, алардын бири-бирине жасаган мамилелери эсимде, чыныгы бир тууганды к байланыштар ушундай болуш керек деген түшүнүк калды менде.

Азыр болсо мен жана менин теңтуштарым өзүбүз ата болуп калдык, эми биздин тарыхыбыздын мезгили өтүп жатат, бирок ата-энелерибиздин, туугандарыбыздын жана ушул ажырагыс байланыштардын бекемдиги, кымбат баалуу эскерүүлөрү ар дайым биз менен болот. Чоңдордун бизге айткан насаат сөздөрү эч качан унутулбайт, биз аларды сөзсүз түрдө балдарыбызга, неберелерибизге, балким чөбөрөлөрүбүзгө түшүндүрүп айтып беришибиз керек. Жана ошондой эле, жаңы өсүп келе жаткан муунга жакшы үлгү көрсөтүүбүз абзел. Бири-бирибизди сыйлоо, сүйүү, кыйынчылык учурунда жардам берүү жана кам көрүү канчалык маанилүү экендигин жогорудагы мисалдар айгинелеп турат. Ошондой эле, биз туугандарыбызды, алардын иш-аракеттерин, сөздөрүн жана үй-бүлө канчалык баалуу экендигин эч качан унутпашыбыз керек.



Карагул, Азия.

## Айылчиев Карагул Айылчиевич

Айылчиев Карагул Айылчиевич 1935-жылы Ысык-Көл районунун Ананьево айылында туулган. 1959-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин юридикалык факультетин аяктап, атайын-юридикалык дисциплиналар бөлүмүнө окутуучу болуп кабыл алынган.

1962-жылы М.Ломоносов атындагы Москва мамлекеттик университетинин аспиранты болуп кабыл алынган. Аны ийгиликтүү аяктап, илимдин кандидаты даражасын алып, 1966-жылы Карагул Айылчиевич Кыргыз ССР Илимдер академиясынын философия жана укук секторуна кенже илимий кызматкер болуп кабыл алынган. (1970-жылы К. Айылчиевге доцент наамы ыйгарылган).

Ошол эле 1966-жылы - университетте кайрадан иштеген: окутуучу, андан кийин советтик курулуш жана чарбалык укук кафедрасынын ага окутуучусу жана доценти болгон.

1966-1979-жылдары - К.А.Айылчиев - КМУнун Юридикалык факультетинин туруктуу деканы. 12 жыл

- окутуунун сапаты үчүн күрөшүү, факультетке квалификациялуу кадрларды тартуу: бул жылдар илимпоздун, мугалимдин, өзгөчө таланттуу уюштуруучунун жылдары. Анын убагында лингафон лабораториясы, фото лаборатория иштей баштады жана кыргыз тилинде окутуу киргизилген. КМУнун өтмө Кызыл Туусу факультетке түбөлүк сактоо үчүн өткөрүлүп берилди. Айылчиевдин деканатты башкаруунун акыркы жети жылында, университетте окуу-тарбия иштери боюнча факультет биринчи орунга ээ болуп келген ...

... К.А.Айылчиевдин илимий жана практикалык иш-аракеттеринде - Кыргыз ССРинин Жогорку Сотунун алдындагы консультативдик кеңештин мүчөсү, республиканын Юстиция министрлигинин коллегиясынын мүчөсү, Жогорку Советтин Президиумунун консультанты болгон. Кыргыз ССРинин, «Билим» коомунун президиумунун мүчөсү.

1981-жылы К.А.Айылчиев Жогорку Кеңештин Президиумуна иштөөгө которулуп, ал жерде 1984-жылга чейин алгач юридикалык бөлүмдүн башчысынын орун басары, андан кийин кечирим берүү бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген.

1984-1987-жылдары - К.А.Айылчиев партиялык ишке которулган: партиянын Ош облустук комитетинин административдик бөлүмүнүн башчысы, кийин Ош облустук аткаруу комитетинин юстиция бөлүмүнүн башчысы болуп дайындалган.

1987-жылы кайрадан көнгөн университетинде иштеген. КМУда юридикалык кадрларды даярдоо жана кайра даярдоо факультети ачылып, анын деканы болуп, уни-

верситеттин финансы-экономикалык иштери боюнча проректору болуп дайындалганга чейин иштеген.Акыркы кызматта Карагул Айылчиевич үч ай гана иштеген. Бирок, ошол мезгилди дагы, бир сөз менен баалоо мүмкүн эмес: анткени ал КМУнун бүткүл финансылык-чарбалык ишине баа берүү боюнча эбегейсиз зор ишти жүргүзгөн. "Кайра куруу" башталып калды.

Уюштуруучунун жана илимий изилдөөчүнүн гана жөндөмдүүлүктөрү эмес, ошондой эле К.А.Айылчиевдин башка жеке сапаттары - тырышчаактык жана жөнөкөйлүк, терең адамгерчилик, айкөлдүк, жарандык ак ниеттүүлүк жана жогорку деңгээлде өнүккөн акыйкаттык сапаты ага урмат-сый гана алып келди. К.Айылчиевдин эмгеги бир нече жолу Ардак грамоталар, сыйлыктар, төш белгилер менен белгиленди.

Кандай гана кызматка келбесин, коллективдин иштөө стили өзгөрчү: ал миңдеген окуучуларына, сүйүктүү ишине терең берилгендикти тарбиялоого аракет кылды.

Ал 57 жашында дүйнөдөн кайтты - өмүрүндө эч бир тынч албаган, эс алуусун эчкачан толук пайдаланбаган адам эле.

Карагул менен өмүрлүк жары Азия экөө жарык дүйнөгө үч кыз эки уул алып келишип, жакшы тарбия берип чоңойтушту. Бешөө тең жогорку окуу жайларын кызыл диплом менен бүтүрүшүп, иштерин ийгиликтүү жүргүзүп жатышат. Анара менен Рысбек ата кесибин улантышууда. Гүлнара врач, Бурул менен Эрмек экономист.



**Байзаков Сагындык Абдразакович**
*( Байзак, Азардын улуу агасы болгон).*

Аталаш туугандарынын ичинен **Сагындык** (1935-1900) үй-бүлөсү менен, Зарылкандын огородунун аяк жагында эле кошуна жашап, короо-жайдагы чарбалык жумуштарга бир топ кол кабыш кылып, бир бирине колдон келген жардамдарын көрсөтүп келишти. Өзгөчө, бодо мал союлганда Сагындыксыз иш бүтчү эмес эле. Өзү техникага жакын болуп, колхоздун ар кандай айыл чарба техникаларын башкарып жүрдү. Жайы-кышы дебей техникалар менен алпурушуп жүрүп, колдору дагы аябай карылуу эле. (Балким кээ бир буроолорду ачкычы жок эле колу менен бурап жүргөндүктөн болсо керек).

Жаш кезинде Ананьеводогу Биринчи Май колхозунун мыкты трактористи катары, республиканын ар кайсы райондорунан чогулган, айыл-чарбанын алдыңкы кызматкерлери менен бирге, Москвадагы ВДНХнын (Бүткүл Союздук Эл чарбасынын жетишкендиктери) көргөзмөсүнө бекер жолдомо алып барып келген. Ал жактан

келгенде бир окуяга кабылат. Фрунзеге (Бишкеке) келип, аталаш агасы Айдаркандын үйүнө токтойт. Москвадан сатып алган бирин-эки киймин балконго илип коюп, эртең менен караса алар ордунда жок болуп чыгат, себеби, агасынын үйү, Дзержинский бульварындагы үйлөрдүн биринде, биринчи этажда жайгашып, күндүн ысыктыгынан балкондун терезеси ачык болгондуктан, ары-бери өткөндөрдүн бирөөсү алып койсо керек.

Сагындык колуктусу Бүбү экөө, тогуз балалуу болушуп, аларга тың оокат кылганды үйрөтүп чоңойтушту. Бул жерден белгилей кете турган нерсе: балдарынын улуусу Акылбектин колуктусу Шуура абдан тың келин болду. Анын алган билимине жараша, ишке болгон мамилесин байкап, Зарылкан анын Даярдоо конторасына бухгалтер болуп орношуусуна көмөк көрсөткөн. Өз тарабынан Шуура жумушундагы милдетин билгичтик менен аткарып, ишеничти аткарып, үзүрлүү эмгектенди. Ошону менен бирге, туугандардын арасында чоң аш-тойлордо, Зарылкан көп уюштуруу маселелерин, так ошо Шуурага дайындачу эле, анткени ал ушундай учурдагы уюштуруу маселелерди так жана туура жүргүзчү.



**Жанузаков**
**Аманат Мусалаевич**
*(Жанузак, Азардын экинчи агасы болгон)*

Аманат 1956-жылы 19-июльда Ысык-Көл районунун Көк-Дөбө айлында жарык дүйнөгө келген. 1974-жылдан 1975-жылга чейин шофердук курста окуп, 1975-жылдан 1977-жылга чейин 1-чи Май колхозунда шофер болуп иштеген.

1977-жылдан баштап Ананьеводогу заготконторада шофер болуп эмгектенип жүрүп, армияга чакырылып, 1980-1982-жж Советтик Армияда Красноярский крайда Аскис станциясында службасын өтөп келип, 1982-жылдан 1995-жылга чейин 1-чи Май колхозунун МТФсында механик болуп иштеген.

1988-жылы Киршелк айлындагы айыл-чарба техникумдун верериနардык курсун бүтүрүп, 1997-жылга чейин фермада веттехник болуп эмгектенген. 1997-жылдан баштап өзүнө жер бөлдүрүп алып, жер иштетүү менен алектенген.

Ошол эле мезгилдерде, 1985-жылдан 2015-жылга

чейин Көк-Дөбө айлынын Кара чач уруусунун Мендигул уулунун Он башчысы болгон.

Үй-бүлөсү

1983-жылы 8-мартта Ибраева Жекшекан менен баш кошуп, 5 уул, 1 кыздуу болушкан.

1.Уулу Дүйшөбек 1984-ж.

2.Уланбек 1985-ж. Мектепти аяктагандан кийин үй, огород жумуштары менен алектенет.

3.Дильбара 1987-ж. 1 - 7 классты Көк-Дөбө орто мектебинде окуп, 8 – 11 классты Бишкектеги № 5 Улуттук компьютердик гимназияда окуган. И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университеттин Кыргыз тил жана кыргыз адабият институтунун журналистика бөлүмүн бүтүрүп журналист деген кесипке ээ болгон. Азыркы учурда бизнес менен алектенет. 2 кыздын апасы жолдошу Алай районунан болот.

4.Азамат 1989-ж. 2006-жылы 11-чи классты бүтүп, анан И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университеттин гуманитардык билим берүү институтунан салык жана салык салуу кесибин бүтүргөн. Өзүнүн кесиби боюнча ылайыктуу жумуш табылбагандыгына байланыштуу, ар кандай жер иштетүү жумуштары менен алектенет.

5.Адылбек 1991-ж. 11-чи классты 2008-жылы бүтүп, айылда мал чарбасы менен алектенет.

6.Урмат 1995-ж. 11-чи классты 2012-жылы бүтүп, Бишкектеги №5 лицейден ширетүүчү кесибине ээ болгон. Азыркы учурда өз кесиби менен бир фирмада ширетүүчү болуп эмгектенет.

Балдарынын улуусу Дүйшөбек, 2006-жылы И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетин бүтүрүп, 2006-жылдан 2010-жылга дейре Кыргыз улуттук илимдер академиясында Философия саясий укуктук илим изилдөө институтунда илимий кызматкер болуп эмгектенген. 2010 – 2011-жылдары Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинде жаштар комитетинде координатор болгон.

2010-жылдан 2013-жылдары Кыргыз улуттук илимдер академиясында Философия саясий укуктук илим изилдөө институтунда аспирантурада окуп бүтүргөн.

2013-жылдан азыркы күнгө чейин И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде мугалим болуп иштеп келеатат.

Дүйшөбектин жубайы Асаналиева Бурулсун Нарын облусунун Лахол айлынан болот. Ал азыркы учурда Бишкек шаарындагы Октябрь райондук акимиятта кызматкер болуп эмгектенет. Булардын эки уул, эки кызы бар.

**Аманаттын** дагы аш-тойлордогу кылган кызматы маанилүүлөрдөн эле. Себеби, өзгөчө, бодо мал союлуп, аларды туура бөлүштүрүп-устукандоодо анын тажырыйбасы зор эле. Эттерди устукандоодо, чучуктарды жасоодо, ал нукура кыргыздын ата-бабадан кележаткан салты боюнча, туура жасап бөлүштүрөөр эле.